## document

**От:** no-reply@shailoo.gov.kg
**Отправлено:** 15 июля 2020 г. 19:11
**Кому:** document@shailoo.gov.kg; jaloba@shailoo.gov.kg
**Тема:** Обращение на сайте ЦИК

Тип обращения: Даттануу / Жалоба
Адресат: БШК / ЦИК
IP-адрес: 46.251.208.225
Дата получения: Июль 15, 2020, 7:10 п.п.

------------

Автор: Турков Мунарбек Максатбекович
Регион: Жалал-Абад облусу
ТИК: None
Адрес: Сузак району Благовещенко айылы Шемаев О кочосу 1 Номер телефона: 0557090707
Email: www_turkov_kg@mail.ru

Сообщение:
БШКнын төрайымы
Н.Шайлдабековага

Урматтуу Нуржан Кармабековна!

Бүгүн, 2020-жылдын 4-июлунда, саат 12.22, Жогорку Кеңештин депутаты Ж.Акаев өзүнүн фейсбуктагы баракчасына төмөнкүдөй маалымат таратты:
"Депутат Наталья Никитенко экөөбүз кечээ Ысык-Көлдөн Бишкекке жардамга келген врачтарды тостук. Саламаттыкты сактоо министрлиги менен сүйлөшүп, жалпысы он алты врачтын пандемия учурунда гостиница, тамак-аш, транспорт чыгымдарын эки депутат мойнубузга алдык. Аймактан атайын элибизди сактоо ниети менен келген медиктерибизге чексиз рахматыбызды айттык. Достор, эгерде кимде ким дагы отель берем, врачтарга колдоо кылам дегендер болсо жазыныздар.".
Кыргызстан элинин баардыгына белгилүү болгондой, Жогорку Кеңештин аталган эки депутаты, "Ата Мекен" саясый партиясынан алдыда боло турган парламенттик шайлоодо талапкер катары көрсөтүлүшөт.
Ушуга байланыштуу, Сиздин көңүлүнүздү "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3- жана 4-бөлүктөрүнө бурам, аларга ылайык "Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмекке ылайык, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын символикасын, талапкердин сүрөтүн камтыган басылма үгүт материалдарын, төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн орогучтарды кошпогондо, шайлоо дайындалган учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууга: шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө; шайлоочуларга белектерди жана башка материалдык баалуулуктарды тапшырууга; товарларды жеңилдетилген шартта сатууга; кандай болбосун товарларды акысыз таркатууга, акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө тыюу салынат.
... Талапкерлер, алардын жакын туугандары, жубайы, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз.".
Жогорку Кеңештин депутаттары Ж.Акаев менен Н.Никитенконун кыймыл аракеттеринде көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3- жана 4-бөлүктөрүн одоно түрдөө бузуу болгонун белгилейм жана аларды "Ата Мекен" саясый партиясынан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлер катары катталбашын суранам.

Урматтоо менен, М. Турков

Адвокат,
жарандык активист,